Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
16-17. sayı 2012

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
16-17-саны 2012

# УЧУРУБУЗДА ИСЛАМ ДИНИНИН САЛТТЫК ЖАНА САЯСИЙ ЖАКТАН КООМДОГУ ТЕНДЕНЦИЯСЫ

***Козукулов Тимур***
ОшМУ, саяс.и.к.,
ага окутуучу
timurkozukul@gmail.com

**Özet**

Bu makalede Kırgızistan bağımsızlığı ilan ettikten sonra demokratileşmeye yönelik yol tuttu. Aynı zamanda siyasi, sosyal ve ekonomik çevrede liberalleşme ile birlikte dini inanca da özgürlük taanıdı. Kırgızistan bağımsız olmadan önce Orta Asya Müftülüğüne bağlı idi. Makalede Kırgızistanın bağımsızlık sonrasında dini hayat ve süreçler ile ilgilidir. Toplumda İslam dinin geleneksel ve siyasi yönleri açıklanmaktadır.

**Anahtar kelimeler:** Oş, Müftülük, Orta Asya Müftülüğü, Kırgızistan, Geleneksel İslam, Siyasi İslam.

Соңку кылымдарда Ислам дини кыргыз коомунда өзгөчө роль ойногону талашсыз экендиги баарыбызга маалым. Ислам коомдук турмушка сиңип, өз принциптери менен социалдык институтка айланган. Бирок бул фактыны көпчүлүк окумуштуулар кабыл ала беришпейт. Кандай болгон учурда да Ислам коомдук факторго айланды. Коомчулукта Ислам тууралуу дискурс жүрүп жатат жана ар кандай көз караштар менен идеялар айтылып келет. Негизинен, кыргыз коомчулугунда Ислам кандай элементте болуусу тууралуу талаш тартыш жүрүүдө. Биздин пикирибизче бул дискуртун болуп жаткандыгы, конкреттүү реалдуу түрдө ишке аша турган концепция иштелип чыкпагандыгы. Чындыгында, 2006-жылы экс-премьер министр Ф.Кулов тарабынан мамлекеттин дин саясаты боюнча концепциясы жана программасы иштелип чыгып, бекитилген. Ал концепция коомчулукка таралган эмес. Мамлекеттик кызматкерлер концепция жана программа болгонуна карабастан ар түрдүү жолдорду сунушташууда, бирок ал жалпы эл тарабынан массалык түрдө кабылданбай жатат. Ислам, Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин пайда болгон коомдук кубулуш сыяктуу чыгып келгендей сезилет. Учурда ислам коомчулукка кеңири кулачын жайган. Бирок ошол эле учурда, «дин кызматкерлеринин арасынан кадрлар же болбосо топтор, белгилүү чекте диний абалды күчтөндүрүп, динге карата мамлекеттик саясатты жүргүзүүдө кандайдыр бир кырдалды пайда кылышууда.

Диндин элге таасири артып баруудa, өзгөчө экстремисттик маанайдагы агымдардын идеялары күч алууда»[1].

Бүгүнкү күндө салттык исламды колдоо зарыл деген пикирлер коомчулукта мамлекеттин бийлик бутактарынын жетекчилери, саясатчылар жана диний аалымдар тарабынан айтып келинүүдө. Бирок, салттуу ислам кандай деген суроого эч ким так жана даана жооп бере албайт. Бул жерде эки түшүнүк болушу мүмкүн. Биринчиси кыргыздын каада салты менен уйкашкан исламий аң-сезими экинчиси, Орто-Азия элине мурдатан калыптанып калган салттык ислам[2] жөнүндөгү аң-сезим. Изилдөөчү О.Молдалиев: «Борбордук Азияга суннизмдин ханафий мазхабындагы салттуу ислам тараган, ал өзүнүн консервативдүүлүгү менен саясий проблемаларга аралашпайт деле. Негизги масса диний билим алуу жана ибадаттарын эркин аткаргандыгы менен гана сыймыктанышат. Учурда аймактагы мамлекеттерде Ислам, конфессионалдык-маданий идентификациянын негизги факторуна айланды. Борбордук Азия үчүн Исламдын актуалдуулугу талашсыз, ал элдин тарыхы маданияты жана жашоо турмушунун негизги маңызы болуп эсептелет. Аймак ислам укугунун практикалык ишке ашуусуна, жалпы теория, мусулман маданиятынын өнүгүүсүнө чоң таасир берген»[3]-дейт.

Алгач Ислам дининин эгемендикке ээ болгондон кийин, кыргыз коомчулугуна кандай жайылып, тамыр алуусун карап көрөлү.

Кыргызстан суверендүү болгондон кийинки мезгил чынында да өлкөдөгү мусулмандардын, айрыкча кыргыздардын арасында ислам дини кескин жанданган, чар тарабына жайылган мезгил болду. Буга мисалдарды абдан көп келтире алабыз. Айтсак, бул жылдары республика ичинде 33[4] мечиттен 2000 миңден ашык мечитке көбөйдү; 7 жогорку жана 27 исламий дин окуу жайы[5] ачылган, акыркы

---

[1] Мамаюсупов О.Ш. Вопросы (проблемы) религии на переходном периоде. –Бишкек, 2003. -155-б.

[2] Дин аалымдарынын айтуусу боюнча «Салттык Ислам»- бул орто кылымдан бери Борбордук Азияга сиңирилип, калыптанган «Ханафи» (Имамы Аззам) мазхабы жөнүндө айтылууда. Ал эми, анын эч кандай Кыргыздын салтына тийешеси жок. Көбүнчө эле салттык ислам дегенде- кыргыз исламы деп түшүнүлүп жатканы маалым.

[3] Молдалиев О. Ислам и политика: политизация Ислама или исламизация политики. –Бишкек, 2008. 230-б.

[4] Давлетгалиева А., Жандарбеков А. Не Спящие В Бишкеке. //Континент **№8(21) 19 апреля-2 мая 2000 г.** //http://www.continent.kz/2000/08/14.html

[5] Мамаюсупов О.Ш., Религиозная ситуация в Кыргызской республике. //Ислам в Центральной Азии: сборник материалов конференции. 21-22-май 2004. специальный выпуск «Вестник ОшГУ». - Ош, 2004. -37-б.

маалыматтар боюнча 7 жогорку жана 58[6] медресеге көбөйүп, өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө.

1993-жылы 17-сентябрь Кыргызстан мусулмандар диний башкармасы түзүлгөн. Ага чейин Кыргызстан казыяты деп аталып, Орто Азиянын мусулмандар диний башкармасынын (САДУМ) карамагында болгон. Кийинчерээк бардык областарга жана Бишкек, Ош шаарларына Муфтияттын өкүлчүлүгү, Казыяттар ачылып азыркы күндө да ишмердүүлүгүн жүргүзүп келүүдө. Бул тенденцияны «расмий» ислам деп атасак да туура болот. Расмий дегенде «мамлекеттик» дегенди түшүнүү туура эмес, муну мамлекет тарабынан макул көрүлгөнү. Бул канчалык деңгээлде туура же туура эмес экендиги өзүнчө бир маселе.

Диний майрамдар элдин турмушунан өзгөчө орунду ээледи. Ал «Орозо» жана «Курман» айт майрамдары. Бул майрам күндөрү Президенттин жарлыгы менен дем алыш күнү белгиленген. ММК жана жергиликтүү телеберүүлөр диний салтанаттарды кеңири чагылдырып жатышат. Диний институт жана мекемелерди түзүү менен легалдаштыруу процесси башталды[7].

Ошондой эле, көптөгөн үй-бүлөлөрдө ата-энелер кыздарын мектепке окууга бербей, чакан диний окуу жайына жөнөткөндөрү да жок эмес. Жада калса, эркек балдар да, мечиттин астында түзүлгөн худжурага барып жаткандыгы жөнүндө фактылар жок эмес[8]. Мындай учурда ислам коомчулукка системалуу түрдө жайылуусу мүмкүн эмес. Учуру келгенде мамлекет же коомчулук тарабынан көңүл бурулат да, күн өткөн сайын унутула баштайт.

Дагы бир жагдай, Кыргызстанга чет өлкөдөн ислам үгүттөөчүлөрүнүн келиши күн сайын көбөйүүдө. Соңку 10 жылда даават иштери активдүү иштей баштады. Ал эми даават иштери мамлекет тарабынан да, коомчулук жактан да иретке коюлбады. Даават иштерин 2000-жылга чейин Пакистандан келген кишилер жүргүзүшсө, азыркы учурда жергиликтүү адамдар тарабынан аткарылып келет. Бул ишти жүргүзгөндөр негизинен Пакистандын «Таблиг жамааты» тарабынан ишке ашырылууда. Дааватчылар мамлекетте жана коомчулукта көптөгөн резонанстарды пайда кылууда. Бул маселеге мамлекет менен коомчулук аз бөлүгү коркунуч катары кароодо. Мамлекеттик уюмдар канчалык иретке келтирүүгө аракет кылганы менен пайда болгон жок. Муфтият дааватка чыгуу жана үгүт жүргүзүү

---

[6] Количество духовных образовательных учреждении источник по данным является Аппарат Президента КР. Диаграмма составлен при содействии ЕС.
[7] Козукулов Т.А., Проблемы борьбы с религиозным экстремизмом в Ферганской долине в условиях глобализации. (диссертация на соискания канд.полит.наук) –Бишкек, 2009. -99-б.
[8] Ошол эле жер.

боюнча атайын эрежелерди чыгарса да, ал кагаз түрүндө кала берди. Ал эми индиялык окумуштуу таблиг жамаатын мындай баяндайт: «Аравияда «Ваххабий», Индияда «Нежди», ал эми акыркы учурда Пакистанда «Таблиги Жамаат» (дааватчылар) аты менен таанылууда»[9]. Демек, мамлекеттин жана коомчулуктун бул маселеде тынчсыздангандыгы бекеринен эмес. Дааватчылар элге динди жаюуда мечитке жаңыдан келген исламдан эч кабары жок адамдарды өз катарына кошулуп үгүтөө ишине чыгууга чакырышат. Ал эми динди билбей туруп кантип чыгышы мүмкүн деген маселеге, алар дааватта жүрүп чыныгы исламды үйрөнө аласын деп ишендиришет. Дааватка чыгып келген адам чыныгы исламды үйрөнгөндүгүн жана тутунгандыгын айтышууда. Бул жерде бир жагдай Исламды үйрөнүү эмес, ыйманга катуу кармануу жана динге берилүүсү болушу мүмкүн. Дааватчылар коомго кандай түшүнүктөгү Исламды жайылтып жаткандыгы белгисиз. Аны эч ким ушул күнгө чейин изилдеген эмес. Алар жайып жаткан диний түшүнүк кыргыз коомунун менталитетине туура келеби же жокпу, аны ойлогон эч ким жок. Ал эми кыргызстандык эксперт К.Маликов «таблиг жамааты» Пакистанда социалдык проблемалардын негизинде пайда болгон уюм деп эсептейт. Тагыраак айтканда, Пакистанда үй-бүлө куруу эркектерге өтө оор болгондугуна (материалдык жактан) байланыштуу социалдык жардыруу болуп кетпөөсү үчүн эркектерди дааватка чыгаруу менен коомдук стабилдүүлүктү кармап турат деген ойду айтууда. Кыргызстан Мусулмандарынын Диний Башкармалыгы даават маселесин кандайдыр бир деңгээлде чечүүгө аракет кылууда. «Муфтият 2010-жылы Кыргызстан Ислам университети алдында атайын Дааватчыларды даярдоо курсу ачкан. Бул курста бир ай таалим алышып, Куран, хадис, акида жана усулул-даваа (даават методу) сабактарынын негиздерин окушат жана бүтүргөндөн кийин атайын сертификатка ээ болушат».[10] Бирок бул маселелер ушуну менен чечилет дегенден алыс болушубуз абзел. Анткени, жогоруда аталган сабактарды кеминде бир ай эмес, бир жыл керектиги, балким, андан да көп убакытты талап кылаарын мезгил көрсөтүп жатат.

Исламды жайылтуу же болбосо диний билим берүүнү бир гана жергиликтүү дин аалымдары жүргүзбөстөн чет өлкөдөн келген адамдар да жүргүзүүдө. Азыркы учурда кыргызстандын көптөгөн жерлеринде араб өлкөлөрүнөн, Туркия жана Пакистан мамлекеттеринен келген адамдар коомго динди кандайдыр бир деңгээлде исламды окутуушуда. Булар мамлекеттик расмий түрдө

[9] *Mevlana Muhammed Fadlurresul.* Vesikalarla Vehhabilğin iç yüzü /Terceme A.Faruk Meyan. – İstanbul: Berakat yayınevi, 1976. – 6-б.

[10] http://kg.akipress.org/news:294371

эмес, жеке демилгелер менен келип жүргүзүүшүдө. Бул маселеге мамлекет тарабынан алар эмнени жана кантип окутушуп жатышкандыгы тууралуу эч көнүл бурбагандай.

Коомдогу идеологиялык, саясий, экономикалык жана социалдык теңсиздик факторлору Кыргызстандын жаштарынын хизбутчилердин катарына кошулушуна өбөлгө түзүүдө. Ар бир фактордун ролуна туура аныктама берип, алардын чечим жолдорун табууда адистердин тынымсыз эмгектенүүсүн талап кылынууда. Имамдардын билим деңгээлин аныктаган статистикалык маалымат коомдун жаштарынын талабына жооп бербегендигине байланыштуу, башка жол менен өздөрүнүн талаптарын камсыздандыруу жолдорун издешүүдө. Имамдардын билими жетиштүү болбогондугуна байланыштуу учурдагы жаштардын руханий талабына жооп бере албайт. Ошондуктан алар диний маалыматы күчтүү радикалдык топ же хизбутчилерден талабын камсыздандыруу менен алардын катарына кошулушууда. Алдын ала талдоолор көрсөткөндөй, чыныгы социалдык фактор менен бирге, жетиштүү диний маалыматтандыруу орчундуу кыйынчылыгы, жаштарды идеологиялык сугаруу, ошондой эле, саясий тирешүүлөр жаштардын диний радикализм агымына кошуулуусуна себеп боло алат. Мисалы, бир жаш жигит имамга динге байланыштуу суроо узатат, ал учурга ылайыкташтырып, кандайдыр бир диний китепке таянып жооп бере албаса, ал имамга суроосуна жооп бере албагандыгын түз эле айтып, ал башкалардан жооп издерин билдирет же кандайдыр бир адамдан башкача жооп алгандыгын айтат. Ал адам хизбутчилерден болушу мүмкүн, себеби бул уюмдун тарапкерлери жаштар менен иш алып барат жана аларга түрдүү суроолорду узатып, аң-сезимин жууганга аракет кылат[11].

Мамлекет керек болгон учурда гана исламга көнүл бурумуш болот, чындыгында эч кандай иш алып барылбайт. Шайлоодо Исламды рычаг катары колдунуп жаткандар аз эмес. Акыркы жылдары дин тутуу эркиндиги боюнча мыйзамдар иштелип толукталып жатат. Ошондой болсо да, көптөгөн маселелер чечилбей келе жатат. Мисалы жылда ажылык сапарды уюштуруудан чыр чыгууда.

2010-жылы мамлекет ажылык сапарды уюштурууну өз мойнуна алган болчу, бирок ал деле натыйжада чыр менен аяктады. 2011-жылы депутаттардын демилгеси менен мыйзам кабыл алынып, ажылык сапар Муфтиятка өткөрүлүп берилген. Тилекке каршы кайрадан эле чыр-чатак чыгып кетти. Себеби наразы болгондор арбын экени байкалууда. Мындай жагдайларды комплекстүү чечүү жолун издештирбей,

[11] Козукулов Т.А., Проблемы борьбы с религиозным экстремизмом в Ферганской долине в условиях глобализации. (диссертация на соискания канд.полит.наук) –Бишкек, 2009. –100-101-бб.

кандайдыр группалардын кызыкчылыгы көздөлгөнү көрүнүп тургандай. Ал эми бул жылы ажылыкты уюштуруу кампаниясы жакындаган сайын Кыргызстан Мусулмандарынын Диний Башкармалыгыны колго алуу максатында күрөш жүрүүдө. Аны диний чөйрө экс-муфтий Чубак Жалилов жана оппозициясынын күрөшү деп айтышкан.

Жыйынтыктап айтканда жогоруда белгиленгендей коомдогу динге байланыштуу проблемалардын натыйжасында саясий ислам күч алууда. Дин адамдары өздөрүнүн жеке кызыкчылыгынын натыйжасында коомго ар түрдүү түшүнүктөгү исламдын жайылуусуна себеп болууда. Дин аалымдары жеке кызыкчылыгын көздөбөстөн, коомго туура диний маалыматтын жайылуусуна көнүл буруусу абзел. Ошону менен бирге, көптөгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында маалым болгондой диний кызматкерлер Ислам боюнча атайын билимге ээ эмес, бул дагы тез чечүүлүнү талап кылган маселелердин бири. Исламга байланыштуу көйгойлөрдү чечүүдө бир гана мамлекеттин орду чоң. Башкача айтканда бул багытта мамлекет монополист болуусу абзел. Мамлекет диний билим берүүнү өз карамагына алганда гана келечекте коопсуздукка шек келтире турган жагдайлар болбойт деп айтууга болот.

**Колдонулган адабияттар:**


- Давлетгалиева А., Жандарбеков А. Не Спящие В Бишкеке. //Континент **№8(21) 19 апреля-2 мая 2000 г.** //http://www.continent.kz/2000/08/14.html
- Козукулов Т.А., Проблемы борьбы с религиозным экстремизмом в Ферганской долине в условиях глобализации. (диссертация на соискания канд.полит.наук) –Бишкек, 2009.
- Количество духовных образовательных учреждении источник по данным является Аппарат Президента КР. Диаграмма составлен при содействии ЕС.
- Мамаюсупов О.Ш. Вопросы (проблемы) религии на переходном периоде. –Бишкек, 2003.
- Мамаюсупов О.Ш., Религиозная ситуация в Кыргызской республике. //Ислам в Центральной Азии: сборник материалов конференции. 21-22-май 2004. специальный выпуск «Вестник ОшГУ». -Ош, 2004.
- Молдалиев О. Ислам и политика: политизация Ислама или исламизация политики. –Бишкек, 2008.
- *Mevlana Muhammed Fadlurresul.* Vesikalarla Vehhabilğin iç yüzü /Terceme A.Faruk Meyan. –İstanbul: Berakat yayınevi, 1976.
- http://kg.akipress.org/news:294371